КЫРГЫЗРЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА- КУЛЖА РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-ЖАР АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
СЕЛЬСКИЙ СОВЕТ
КЫЗЫЛ-ЖАР

Күйө-Таш айылы
тел. 6-01-92

Село Күйө-Таш
тел. 6-01-92

Кызыл-Жар айылдык Кеңешинин (7-чакырылыштагы) кезексиз 23-сессиясынын жыйынынан

# ТОКТОМ №23/3

04.04.2023-ж

Күйө-Таш айылы
Чыгуу №______

Кызыл-Жар айыл аймагындагы айылдарды жакынкы жана алыскы жайлоолорго көчүрүү жөнүндө

Кызыл-Жар айылдык Кеңешинин (7-чакырылышынын ) кезексиз 23-сессиясынын шайланган депутаттарынын жыйналышы айылдык аймакта жайгашкан торт айылдын жарандарын алыскы жана жакынкы жайыттарга көчүп конуусу жана Кулданбес жайлоосуна Кайың-Талаа жана Күйө-Таш айылдарынын элдеринин жайлоого чыгуусу,айдоо аянттарына жана чоп орундуларга түшкөн малдарга айып пул чегерүү боюнча айыл окмоттүн кызматкерлеринин жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кызыл-Жар айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кызыл-Жар айыл окмотүнүн аймагындагы жайгашкан айылдардын жакынкы жайытка көчүүсү 2023-жылдын 1-майынан 10-майына чейин, алыскы жайыттарга көчүү конуу 1-июлдан 10-июлга чейинки аралыкта болуусу керек.
Алыскы жайыттардан көчүп келүү 1-сентябрдан башталсын, эрте көчүп келген жарандарга 20 000(жыйырма миң)сом айып пул салынсын.
Кайың-Талаа жана Күйө-Таш айылдарынын элдеринин Кулданбес жайлоосуна көчүп чыгуусу 15-августтан кийин болуусу керек. Айдоо аянттарын жана чоп орундуларга түшкөн малдарга төмөнкүдөй айып пул салынсын.

Айдоо аянттарына түшкөн малдарга:
жандыка-100 сом
бодо малга-500 сом
чөп орундуга түшкөн малдарга:
жандыка-50 сом
бодо малга -300 сом айып пул салынсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Кызыл-Жар айыл өкмөтүнүн башчысы Абдилазиз уулу Бактыбеке,ар бир айылдын айыл башчыларына жана Кызыл-Жар айылдык Кеңешинин депутаттарынан түзүлгөн туруктуу комиссиянын курамына (тиркеме тиркелет) милдеттендирилсин.

Жергиликтүү Кеңештин депутаттарынан түзүлгөн туруктуу комиссиянын курамы:

1.Кайың-Талаа айылы -Турганбаев Маметкасым

2.Күйө-Таш айылы - Асакеев Шумкарбек

3.Терек айылы - Алакеев Муханбет

4. Кайың-Талаа айылы - Кыязбек уулу Данияр

5. Коо-Чаты айылы Маметиса уулу Бабуржан

Кызыл-Жар айылдык Кеңешинин
төрайымы Г.Т.Эрматова